**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

***Ош технологиялык университетинин***

# №7 БЮЛЛЕТЕНИ

# *Кошумча эмгек акыны белгилөө үчүн кызматкерлерди аттестациялоо жөнүндө жобо*

**ОШ-2024**

Ош технологиялык университетинин №7-бюллетени. Кошумча эмгек акыны белгилөө үчүн кызматкерлерди аттестациялоо жөнүндө жобо. – Ош: ОшТУ, 2023. 20 б.

Түзүүчүлөр: Шабданов М.Д., Сатыбалдыев А.Б., Атакулова М.А., Болушов Э.М., Азимова А.

Атайын каражаттардын эсебинен кошумча эмгек акыны белгилөө үчүн Ош технологиялык университетинин кызматкерлерин аттестациялоо жөнүндө жобо.

Ош технологиялык университетинин Окумуштуулар кеңешинде өзгөртүлүп, толукталып кабыл алынды (№8 нротокол, 2024-жылдын 24-майы).

Ош технологиялык университетинин Окумуштуулар кеңешинде өзгөртүлүп, толукталып кабыл алынды (№8 протокол, 2025-жылдын 28-майы).

# мазмуну

1. Жалпы жоболор ....................................................4
2. Кошумча эмгек акы төлөө боюнча аттестацияны даярдоонун жана өткөрүүнүн тартиби ....................5
3. Аттестациялык комиссиянын курамы жана анын иштөө регламенти ....................5
4. Профессордук-окутуучулук жамааттын (ПОЖ) ишин баалоо критерийлери ....................6
4. Окуу жана окуу-усулдук иштер ....................6
*4.1. Лекциялык, практикалык, семинардык жана лабораториялык сабактардын сапаты* ....................6
*4.2. ПОЖ окуу-усулдук иши* ....................6
5. Илимий-изилдөө иштери ....................7
*5.1. Илимий-уюштуруу иштери* ....................7
*5.2. Илимий-изилдөө иштерин аткаруу* ....................7
*5.3. Илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктарын жарыялоо* ....................8
6. Тарбиялык жана коомдук-уюштуруу иштери....................8
7.Эл аралык ишмердүүлүк....................9
8. ОшТУнун админстративдик башкаруу, окуу-көмөкчү, кенже тейлөөчү жана башка кызматкерлеринин иштерин аттестациялык баалоо ....................9
*8.1. Административдик-башкаруу персоналынын(АБП) ишин баалоо критерийлери*....................9
*8.2. ОшТУнун окуу-көмөкчү кызматкерлеринин (ОКК) ишин баалоо критерийлери*....................10
*8.3. ОшТУнун кенже тейлөөчү персоналынын(КТП) ишин баалоо критерийлери*....................11
9. Айып упайлар ....................11
9.1. Кетирилген кемчилдиктери үчүн упайларды кыскартуу....................12
9.2.Эмгек акыга кошумча берилген каражатты (КБК) жана материалдык кызыктыруулардын (МК) өлчөмүн азайтуунун ченемдери ....................12
10.Кызыктыруучу жана башка упайлар ....................13
11. Аттестациянын жыйынтыгын чыгаруу ....................13
12.Кызматкерлердин кээ бир категорияларына кошумча эмгек акы төлөөнүн өзгөчө шарттары жана тартиби ....................15
1-тиркеме....................16
2-тиркеме....................20

КАБЫЛ АЛЫНДЫ

ОшТУнун Окумуштуулар

кеңешинин 2024-жылдын

24- май айындагы

№ 8 протоколу менен

БЕКИТЕМ

ОшТУнун ректору

Ж.Ж.Турсунбаев

2025-ж. 12 - июнь

№ 271 05 буйрук

## 1. Жалпы жоболор

1.1.Бул Жобо "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 3-октябрындагы № 132 «Жогорку окуу жайларынын кызматкерлеринин эмгек акысынын тарифтери жөнүндө» жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 «Эмгек акыны стимулдаштыруу жөнүндө», Жогорку Кеңештин 2010-жылдын 29-декабрындагы №85 жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы №18 "Билим берүү мекемелеринде эмгек акыны төлөөнүн жаңы шарттарын киргизүү жөнүндө" токтомдорунун жана министрлер кабинетинин Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө 2022-жылдын 30-мартындагы №18l- токтомунун негизинде иштелип чыгылды.

1.2.Аттестация ОшТУнун кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу, алардын өсүшүнө өбөлгө түзүү, илимий-теориялык жана окуу-усулдук деңгээлин, профессионалдык чеберчилигин, алдыңкы тажрыйбаны өнүктүрүүнүн чыгармачылык жолун жана аны изилдөө ишмердигинде колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу жана мотивация берүү максатында уюштурулат.

1.3.Аттестациянын негизги принциптери: ыктыярдуулук, ачыктык, коллегиялдуулук, эксперттик баалардын бирдейлиги жана ырааттуулугу.

1.4.ОшТУнун кызматкерлерин аттестациялоо жыл сайын окуу жылынын аягында, өткөн окуу жылынын жыйынтыгынын негизинде кызматкерлердин кесиптик иш-аракетин баалоо жана кийинки окуу жылына кошумча эмгек акы төлөө максатында өткөрүлөт.

1.5.Кошумча эмгек акыны төлөө 1-сентябрдан тартып белгиленет жана окуу жылынын аягына чейин эмгек эс алуусуна кошо төлөнөт.

1.6. Жаш баланы 1,5 жашка чейин багуу эмгек өргүүсүндө болгон аялдар аттестациядан өтпөйт. Алар ишке чыккан учурда, эмгек өргүүгө чыкканга чейинки алган пайызы коюлуп берилет.

1.7. Институттардын, борбордун директорлору жана колледждеги бөлүм башчылары профессордук-окутуучулук курамдын критерийлери менен аттестациядан өтүшөт.

1.8.Эгерде аттестациядан өткөндөн кийин кызматкер бир структуралык бөлүмдөн экинчи бөлүмгө которулса, анын алган пайызы которулган кызмат ордунун пайызына туура келе тургандай кылып коюлуп берилет.

## 2. Кошумча эмгек акы төлөө боюнча аттестацияны даярдоонун жана өткөрүүнүн тартиби

2.1.Аттестацияны даярдоо жана өткөрүү профсоюз уюму менен биргеликте ОшТУнун ректораты тарабынан уюштурулат.

2.2. Аттестацияга даярдык иштеринин тизмеси:

-аттестациялык комиссиянын курамын бекитүү;

-аттестацияны өткөрүү графигин иштеп чыгуу жана бекитүү;

-аттестациялык комиссияга берүүчү документтерди даярдоо;

-аттестациядан өтүүчү кызматкерлерди жок дегенде эки жума мурда ушул жобо менен тааныштыруу.

2.3. ОшТУнун кызматкерлери univer+ МСдагы аттестация бөлүмүндөгү менин аттестациям (моя аттестация) пунктунун ичиндеги критерийлер боюнча упайларын коюшат жана тастыктоочу документтерин (интернет желесинде болгон материалдардын ссылкасын) кошо тиркешет.Тастыктоочу документ же ссылка ар бир упайга өз-өзүнчө коюлат. Эгерде тастыктоочу документ тиркелбесе же бардыгына бир документ тиркелсе коюлган упай эсептелбейт.

2.4.Окуу жылынын аягында, аттестацияга 2 жума калганда жетекчилер (директор, кафедра башчысы, бөлүм башчылары) алдын ала өзүн-өзү баалоо аттестациясы ушул жобого ылайык (univer+ МСдагы аттестация бөлүмүндөгү, кызматкерлердин аттестациясы (аттестация сотрудников) пунктарынан алынган упайдын негизинде) өткөрүшүп, ар бир аттестацияланууучуга аттестациялоо баракчасын (1-тиркеме) жана аттестациянын жыйынтыкталган натыйжаларын (2-тиркеме) даярдашат. Өзүн-өзү баалоо аттестациянын жыйынтыгы структуралык бөлүмдөрдүн чогулушунда каралып, анда эмгек акыга кошумча акы төлөө боюнча сунуш берилет. Чечим ачык же жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

2.5.Кошумча эмгек акы төлөө өлчөмү ОшТУнун кызматкерлерин аттестациялоо үчүн белгиленген критерийлердин негизинде жүргүзүлөт.

2.6.Аттестациялык комиссия аттестацияны өткөрүү датасын белгилейт. Ошол датага чейин структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери univer+ МСдагы аттестация бөлүмүндөгү, кызматкерлердин аттестациясы (аттестация сотрудников) пунктунан ар бир кызматкердин аттестациясын бекитет. Андан кийин өзгөртүүлөр киргизилбейт.

## 3. Аттестациялык комиссиянын курамы жана анын иштөө регламенти

3.1. Комиссиянын персоналдык курамы жана анын иштөө графиги ОшТУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

3.2.Комиссиянын ишине университеттин проректорлору катыша алышат. Комиссиянын курамына профсоюз уюмунун жана университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү кириши керек.

3.3.Комиссияга келип түшкөн маалыматтарды талкуулоо түзүлгөн графиктин негизинде жүргүзүлүп, протоколго жазылат.

3.4. Аттестациялык комиссия түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин катышуусунда (директордун, кафедра башчысынын, бөлүм башчыларынын) аттестацияланууучунун документтеринин негизинде ачык же жабык добуш берүү менен тиешелүү чечим кабыл алат.

3.5.Аттестациядан өткөн кызматкер аттестациялык комиссиянын чечими менен таанышат жана чечимге кол коет.

3.6. Бир эле кызматкерди кайталан аттестациялоого жол берилбейт.

3.7.Аттестациялык комиссиянын чечими жаңы окуу жылынын башталышы менен күчүнө кирет жана өзгөрүүсүз калат (акыркы чечим болуп саналат).

3.8.Аттестацияны өткөрүүдө жана добуш берүүдө, аттестациялык комиссиянын курамынын 2/3ден кем эмеси катышуусу зарыл.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары көпчүлүк добуш менен аныкталат,

3.9.Аттестациянын жыйынтыгы боюнча, комиссиянын сунушу менен ректор кошумча эмгек акы белгилөө жөнүндө буйрук чыгарат.

3.10. Аттестацияланууучунун алган упайы 11.5-пункуттагы көрсөтүлгөн минималдык упайдан төмөн болгон учурда аттестациялык комиссия аттестацияланууучунун ээлеген кызматына ылайыктуулугу жөнүндө университеттин жетекчилигине сунуш берүүгө укуктуу.

## 4. Профессордук-окутуучулук жамааттын (ПОЖ) ишин баалоо критерийлери

### 4. Окуу жана окуу-усулдук иштер

#### *4.1. Лекциялык, практикалык, семинардык жана лабораториялык сабактардын сапаты*

| № | Иштин аталышы | Упай |
|---|---|---|
| 4.1.1 | Ачык сабактарды өтүү. Сабактын тексти жана ал бекитилген кафедранын кеңешмесинин токтомунун көчүрмөсү тиркелет (N-ачык сабактардын саны N≤2 ): | |
| | а) жогорку илимий-усулдук деңгээлде | N*20 |
| | б) жетиштүү илимий- усулдук деңгээлде | N*10 |
| | в) канааттандырарлык илимий-усулдук деңгээлде | N*5 |
| 4.1.2 | Өз ара сабактарды өтүү (N-өз ара өтүлгөн сабактардын саны N≤2 ): | |
| | а) эң жакшы | N*12 |
| | б) жакшы | N*8 |
| | в) канааттандырарлык | N*4 |

#### *4.2. ПОЖ окуу-усулдук иши*

| № | Иштин аталышы | Упай |
|---|---|---|
| 4.2.1 | КР ББжИМ грифи менен басып чыгарылган китептери жана окуу куралдары (N-басма табактын саны) | N*20 |
| 4.2.2 | ОшТУнун УК чечими менен басылып чыккан окуу китептери жана окуу куралдары (N-басма табактын саны) | N*10 |
| 4.2.3 | ОшТУнун УК чечими менен чыгарылган электрондук окуу куралы (N- электрондук окуу куралынын саны). | N*20 |
| 4.2.4 | Жумушчу программа (КТП) иштеп чыгуута (univer+ МС жүктөлгөнү гана эсептелет) (N-дисциплиналардын саны). | N*5 |
| 4.2.5 | Көрсөтмө куралдарды даярдоого (слайд, плакат, видео материалдар, макеттер ж.б.) (N -дисциплиналардын саны) | N*5 |
| 4.2.6 | Жаңы лабораториялык жумуштарды коюу жана анын окуу-усулдук көрсөтмөсүн иштеп чыгуута (кафедранын кеңешмесинин чечими менен). (N-лабораториялык жумуштун саны) | N*20 |
| 4.2.7 | Лабораториялык жумуштарды модернизациялоого (кафедранын кеңешмесинин чечими менен). | N*10 |
| 4.2.8 | Жаңы окуу лабораториясын (окуу усулдук колдонмосу менен) түзүүгө | N*50 |

| | | |
|---|---|---|
| 4.2.9 | ОшТУнун УКнин чечими менен бүтүрүүчү квалификациялык (дипломдук долбоор) жана курстук иштер (долбоор) үчүн жана практикаларды өтүү боюнча окуу-усулдук колдонмо иштеп чыгуугa | N*15 |
| 4.2.10 | Атайын курстар аркылуу квалификациясын жогорулатуу тиешелүү документтер (сертификат, күбөлүк) аркылуу тастыктоо менен (N-сертификаттын, күбөлүктүн саны). Жалпы сертификаттардын саны N≤3 болуш керек | |
| | а) 36 саатка чейин | N*5 |
| | б) 72 саатка чейин | N*15 |
| | в) 72 сааттан жогору | N*25 |
| 4.2.11 | Жаңы ченемдик документтерди иштеп чыгуу | N*15 |
| 4.2.12 | Аккредитациялык иштерге катышуу: | |
| | а) өзүн-өзү баалоо отчеттун даярдоо | 30 |
| | б) стандарттарды даярдоо | 15 |
| | в) негизги билим берүү программаны иштеп чыгуу | 40 |
| | г) окуу планын түзүүгө | N*15 |
| | д) ишканалар, окуу жайлар менен келишимдерди түзүү | 10 |

## 5. Илимий-изилдөө иштери

### *5.1. Илимий-уюштуруу иштери*

| № | Иштин аталышы | Упай |
|---|---|---|
| 5.1.1 | Илимий форумдарды (конференцияларды, симпозиумдарды, семинарларды, кеңешмелерди, курстарды) уюштуруу | N*10 |
| 5.1.2 | Студенттердин илимий-изилдөө иштерине жетекчилик кылуу N≤2 | N*10 |
| 5.1.3 | Илимий лабораторияны түзүүгө жана жетектөөгө | 30 |
| 5.1.4 | Кандидаттык минимум экзамендерин тапшырууга | N*10 |
| 5.1.5 | Облустук, аймактык, республикалык жана эл аралык олимпиадаларга (конкурстарга) студенттерди даярдоого жана уюштурууга | 10 |
| 5.1.6 | Даярдаган студенти эл аралык, республикалык жана аймактык олимпиадалардан (конкурстардан) байгелүү орундарды алганы үчүн: | |
| | а) 1-орун | 20 |
| | б) 2-орун | 15 |
| | в) 3-орун | 10 |
| 5.1.7 | КР ББжИМнин илимий башкармалыгына илимий долбоорлорду даярдоого (долбоордун жетекчисине) | 20 |

### *5.2. Илимий-изилдөө иштерин аткаруу*

| № | Иштин аталышы | Упай |
|---|---|---|
| 5.2.1 | Мамлекеттик бюджеттен каржыланган илимий иштерди аткарууга | 15 |
| 5.2.2 | Диссертацияларды коргоо: | |
| | а) доктордук | 50 |
| | б) кандидаттык | 30 |
| | в) магистирдик | 20 |
| 5.2.3 | Окумуштуулук наам алуу: | |
| | а) доцент (спорттун мастерине талапкер, КРнын эмгек сиңирген архитектору, сүрөтчүсү) | 10 |
| | б) профессор (спорттун мастери, КРнын архитекторлор, сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү) | 20 |
| | в) академик, мүчө-коррес. (тармактык академ.боюнча) | 20 |
| | г) академик, мүчө-коррес. (КР УИА тарабынан) | 50 |
| 5.2.4 | Ойлоп табуулар жана инновациялык көрсөткүчтөр: | |

| | | |
|---|---|---|
| | а) евразиялык патент | N*100 |
| | б) КРнын патенти | N*50 |
| | в) автордук күбөлүк | N*10 |
| | г) колдонуу/өндүрүшкө киргизүү акты | N*10 |
| 5.2.5 | Ишканалар менен чарбалык келишимдин негизинде иштерди аткаруу | 40 |
| 5.2.6 | Диссертацияларга жазылган пикирлер жана рецензиялар | N*10 |
| 5.2.7 | ОшТУдагы аспиранттарга жана изденүүчүлөргө жетекчилик кылуу: | |
| | а) доктордук диссертацияны коргоону камсыз кылуу | N*50 |
| | б) кандидаттык диссертацияны коргоону камсыз кылуу | N*30 |
| 5.2.8 | Диссертациялык же эксперттик кеңештин мүчөсү | 20 |

## *5.3. Илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктарын жарыялоо*

| № | Иштин аталышы | Упай |
|---|---|---|
| 5.3.1 | Илимий макалаларды журналдарга жарыялоо: | |
| | а) Web of Science жана SCOPUS эл аралык базага киргизилген журналдар (IF>0) | N*100 |
| | б) РИНЦке кирген журналдарда (КРнан сырткары) (IF>0) | N*50 |
| | в) Кыргызстандагы илимий журналдарда (IF>0) | N*20 |
| | г) илимий-иштердин жыйнактарында | N*10 |
| | д) ОшТУ жаңылыктары журналында | N*50 |
| 5.3.2 | Конференцияларга (симпозиумдарга) илимий баяндама жасоо: | |
| | а) чет мамлекеттерде өткөн конференцияларда | N*15 |
| | б) Кыргызстанда өткөн конференцияларда | N*10 |
| 5.3.3 | Хирша индекси (N=h) | N*10 |
| 5.3.4 | КР ББжИМ тарабынан бекитилген монографияларды басып чыгаруу (N-басма табактын саны) | N*20 |
| 5.3.5 | ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен монографияларды чыгаруу (N-басма табактын саны) | N*15 |

## 6. Тарбиялык жана коомдук-уюштуруу иштери

| № | Иштин аталышы | Упай |
|---|---|---|
| 6.1 | Кураторлук жумуш | 10 |
| 6.2 | Ийрим, конкурс, тегерек стол, дебат ж.б. иш чараларды уюштуруу жана өткөрүү (иш чараны өткөргөндүгү тууралуу тастыкталган документти көргөзүү менен) (N≤2 ): | |
| | а) кафедранын деңгээлинде | N*5 |
| | б) институттун деңгээлинде | N*10 |
| | в) университет деңгээлинде | N*15 |
| 6.3 | Спорттук мелдештерди уюштуруу | N*5 |
| 6.4 | Спорттук мелдештерге активдүү катышуу (N≤3). Дене-тарбия кафедрасынын кызматкерлери үчүн чектөө болбойт: | |
| | а) ОшТУнун ичиндеги мелдештерде | N*5 |
| | б) шаардык жана облустук мелдештерде | N*10 |
| | в) республикалык жана эл аралык мелдештерге | N*20 |
| | г) байгелүү орунду алгандыгы үчүн | N*25 |
| 6.5 | Мектептерге, колледждерге кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүүгө (N≤3) | N*10 |
| 6.6 | Гезитке, радиого жана телевидениеге интервью берүү (N≤2): | |
| | а) университеттин деңгээлинде | N*3 |
| | б) облус, шаар деңгээлинде | N*5 |

| | | |
|---|---|---|
| | В) республиканын деңгээлинде | N*10 |
| 6.7 | Институттун, университеттин окумуштуулар кеңешине материалдарды даярдоого | 10 |

## 7.Эл аралык ишмердүүлүк

| № | Иштин аталышы | Упай |
|---|---|---|
| 7.1 | Эл аралык уюмдарга долбоорлорду, гранттарды жазуу жана жөнөтүү (упай үч адамга чейин берилет) | N*25 |
| 7.2 | Эл аралык долбоорлорго катышуу жана университетке гранттарды, инвестицияларды тартуу (N-долбоордун саны): | |
| | а) 1000-3000 $га чейин | N*10 |
| | б) 3000-10000 $га чейин | N*20 |
| | в) 10000 $дан жогору | N*30 |
| 7.3 | Окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгү (ректордун буйругунун негизинде): | |
| | а) Кыргызстандын ичиндеги ЖОЖдо | 5 |
| | б) КМШ мамлекеттериндеги ЖОЖдо | 10 |
| | в) алыскы чет мамлекеттериндеги ЖОЖдо | 20 |
| 7.4 | Конок лекцияларды өтүү (N≤2): | |
| | а) Кыргызстандын ичинде | N*3 |
| | б) КМШ мамлекеттеринде | N*5 |
| | в) алыскы чет мамлекеттеринде | N*10 |
| 7.5 | Окутуучулардын эл аралык уюмдар тарабынан өткөрүлгөн көргөзмөлөргө, тренинг жана семинарларга катышуусу (катышууну тастыктаган документ болгон учурда) (N≤2): | |
| | а) Кыргызстандын ичинде | N*3 |
| | б) КМШ мамлекеттеринде | N*5 |
| | в) алыскы чет мамлекеттеринде | N*10 |
| 7.6 | Илимий стажировкага | N*10 |

## 8. ОшТУнун админстративдик башкаруу, окуу-көмөкчү, кенже тейлөөчү жана башка кызматкерлеринин иштерин аттестациялык баалоо

### *8.1. Административдик-башкаруу персоналынын(АБП) ишин баалоо критерийлери*

| 8.1.1. Окуу процессин камсыз кылууда активдүүлүк даражасы жана жеке салымы | | |
|---|---|---|
| № | даражасы | упайы |
| 1 | Жогорку | 20 |
| 2 | орточо | 15 |
| 3 | канааттандырарлык | 10 |
| 8.1.2. Иш аткаруу жөндөмдүүлүгү | | |
| 1 | Жогорку | 20 |
| 2 | орточо | 15 |
| 3 | канааттандырарлык | 10 |
| 8.1.3. Тартиптүүлүгү | | |
| 1 | Жогорку | 20 |
| 2 | орточо | 15 |

| 8.1.4. Жабдуулардын жана жумуш ордун абалы | | |
|---|---|---|
| № | даражасы | упайы |
| 1 | Жакшы | 20 |
| 2 | Орточо | 15 |
| 3 | канааттандырарлык | 10 |
| 8.1.5. Эмгекке берилгендиги | | |
| 1 | Жогорку | 20 |
| 2 | орточо | 15 |
| 3 | канааттандырарлык | 10 |
| 8.1.6. ОшТУдагы эмгек стажы | | |
| 1 | 10 жылдан жогору | 20 |
| 2 | 5 жылдан жогору | 15 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | канааттандырарлык | 10 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | 5 жылга чейин | 10 |
| 4 | 3 жылга чейин | 5 |

| 8.1.7. Жогорку кесиптик жана квалификациялык чеберчилиги үчүн | | упай |
|---|---|---|
| 8.1.7.а | Жогорку квалификациясы үчүн | 40 |
| 8.1.7.б | Жогорку кесиптик чеберчилиги үчүн | 40 |
| 8.1.7.в | Чыгармачылык жана кесиптик демилгенин көрүнүшү (аткаруунун зарылдыгын негиздөө менен) | 40 |
| 8.1.7.г | Аткарган жумушунун көлөмүнүн көбөйгөндүгү | 40 |
| 8.1.7.д | Регулярдуу эмес жумуш убактысы | 20 |
| 8.1.8 | Атайын курстар аркылуу квалификациясын жогорулатуу тиешелүү документтер (сертификат, күбөлүк) аркылуу тастыктоо менен (N-сертификаттын, күбөлүктүн саны). Жалпы сертификаттардын саны N≤3 болуш керек | |
| | а) 36 саатка чейин | N*5 |
| | б) 72 саатка чейин | N*15 |
| | в) 72 сааттан жогору | N*25 |
| 8.1.9 | Илимий макалаларды журналдарга жарыялоо: | |
| | а) Web of Science жана SCOPUS эл аралык базага киргизилген журналдар (IF>0) | N*100 |
| | б) РИНЦке кирген журналдарда (КРнан сырткары) (IF>0) | N*50 |
| | в) Кыргызстандагы илимий журналдарда (IF>0) | N*20 |
| | г) илимий-иштердин жыйнактарында | N*10 |
| | д) ОшТУ жаңылыктары журналында | N*50 |
| 8.1.10 | Конференцияларга (симпозиумдарга) илимий баяндама жасоо: | |
| | а) чет мамлекеттерде өткөн конференцияларда | N*15 |
| | б) Кыргызстанда өткөн конференцияларда | N*10 |
| 8.1.11 | Хирша индекси (N=h) | N*10 |
| 8.1.12 | КР ББжИМ тарабынан бекитилген монографияларды басып чыгаруу (N-басма табактын саны) | N*20 |
| 8.1.13 | ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен монографияларды чыгаруу (N-басма табактын саны) | N*15 |

## *8.2. ОшТУнун окуу-көмөкчү кызматкерлеринин (ОКК) ишин баалоо критерийлери*

| 8.2.1. Билими | | |
|---|---|---|
| № | даражасы | упайы |
| 1 | Жогорку | 5 |
| 2 | Толук эмес жогорку | 4 |
| 3 | Атайын орто | 3 |
| 8.2.2. Иш аткаруу жөндөмдүүлүгү | | |
| 1 | Жогорку | 5 |
| 2 | орточо | 4 |
| 3 | канааттандырарлык | 3 |
| 8.2.3. Тартиптүүлүгү | | |
| 1 | Жогорку | 5 |
| 2 | орточо | 4 |

| 8.2.4. Жабдуулардын жана жумуш ордун абалы | | |
|---|---|---|
| № | даражасы | упайы |
| 1 | Жакшы | 5 |
| 2 | Орточо | 4 |
| 3 | канааттандырарлык | 3 |
| 8.2.5. Эмгекке берилгендиги | | |
| 1 | Жогорку | 5 |
| 2 | орточо | 4 |
| 3 | канааттандырарлык | 3 |
| 8.2.6. ОшТУдагы эмгек стажы | | |
| 1 | 10 жылдан жогору | 10 |
| 2 | 5 жылдан жогору | 8 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | канааттандырарлык | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | 5 жылга чейин | 5 |
| 4 | 3 жылга чейин | 3 |

| 8.2.7. Окуу процессин камсыз кылуудагы активдүүлүк даражасы жана жеке салымы | | упай |
|---|---|---|
| 8.2.7.а | Иштелип чыккан лабораториялык иштердин болушу | 10 |
| 8.2.7.б | Окуу кабипеттеринин жана лабораториянын жабдылышы | 15 |
| 8.2.7.в | Лабораториядагы документтердин (лабораториялык жумуштардын түшүндүрмө тексттери, ТК журналы, студенттерди каттоо журналы ж.б.) болуусу | 15 |
| 8.2.7.г | Лабораториялык жумуштардын (приборлордун) абалы | 10 |
| 8.2.7.д | Регулярдуу эмес жумуш убактысы | 20 |

## *8.3. ОшТУнун кенже тейлөөчү персоналынын(КТП) ишин баалоо критерийлери*

| 8.3.1. Активдүүлүк даражасы | | |
|---|---|---|
| № | даражасы | упайы |
| 1 | Жогорку | 5 |
| 2 | орточо | 4 |
| 3 | канааттандырарлык | 3 |
| 8.3.2. Иш аткаруу жөндөмдүүлүгү | | |
| 1 | Жогорку | 5 |
| 2 | орточо | 4 |
| 3 | канааттандырарлык | 3 |
| 8.3.3. Тартиптүүлүгү | | |
| 1 | Жогорку | 5 |
| 2 | орточо | 4 |
| 3 | канааттандырарлык | 3 |

| 8.3.4. Жабдуулардын жана жумуш ордун абалы | | |
|---|---|---|
| № | даражасы | упайы |
| 1 | Жакшы | 5 |
| 2 | Орточо | 4 |
| 3 | канааттандырарлык | 3 |
| 8.3.5. Эмгекке берилгендиги | | |
| 1 | Жогорку | 5 |
| 2 | орточо | 4 |
| 3 | канааттандырарлык | 3 |
| 8.3.6. ОшТУдагы эмгек стажы | | |
| 1 | 10 жылдан жогору | 10 |
| 2 | 5 жылдан жогору | 8 |
| 3 | 5 жылга чейин | 5 |
| 4 | 3 жылга чейин | 3 |

| 8.3.7. Жогорку кесиптик жана квалификациялык чеберчилиги үчүн | | упай |
|---|---|---|
| 8.3.7.а | Өзгөчө маанилүү жооптуу иштерди аткаруу | 15 |
| 8.3.7.б | Чыгармачылык жана кесиптик демилгенин көрүнүшү (аткаруунун зарылдыгын негиздөө менен) | 15 |
| 8.3.7.в | Өзгөчө зыяндуу шарттарда иштөө (реагенттер, чаң ж.б.) | 15 |
| 8.3.7.г | Регулярдуу эмес жумуш убактысы | 20 |

## 9. Айып упайлар

Кээ бир кызматкерлер стимулдаштыруучу мүнөздөгү сыйлыктарды алгандан кийин өз иштерине кылдаттык менен мамиле жасашпайт, функционалдык милдеттерин жана жеке иш пландарын талантагыдай аткарышпайт, студенттердин арасында тарбиялык иштерди жүргүзүшпөйт жана эмгек тартибин бузуунун төмөндөгүдөй фактыларына жол беришет: жумушка кечигип калуу, сабактарды үзгүлтүккө учуратуу ж.б. Булардын баары университеттин билим берүү ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизет. Ошондуктан кызматкерлерге университеттин атайын каражаттарынын эсебинен берилген кошумча эмгек акылардын жана материалдык кызыктыруулардын натыйжалуулугун камсыз

кылуу максатында, өткөн окуу жыл ичиндеги тартип бузуулары белгиленген критерийлер боюнча эсептелип чыккан упай, кызматкерлердин жалпы топтогон упайларынан кемитилет.

Мындан сырткары иштеп жаткан окуу жылы учурупда кетирилген кемчилдиктери үчүн кызматкерге кошулган кошумча эмгек акынын белгилүү пайыздары кыскартылат.

### 9.1. Кетирилген кемчилдиктери үчүн упайларды кыскартуу

| № | Иштин аталышы | Упай |
|---|---|---|
| 9.1.1 | Окумуштуулар кеңешине, чогулуштарга, усулдук, илимий-техникалык кеңештерге келбегендиги үчүн (N-ар бир калтырган күнү) | N*5 |
| 9.1.2 | Кафедранын кеңешмесине (бөлүмдөрдүн чогулуштарына) келбегендиги үчүн | N*3 |
| 9.1.3 | Жылдык илимий-өндүрүштүк отчётторду, командировка отчётторун, ошондой эле жекече иш пландарын өз убагында бербегендиги үчүн | N*10 |
| 9.1.4 | Экзамендик ведомостторду өз убагында толтурбагандыгы үчүн | N*5 |
| 9.1.5 | Студенттердин жетишүүсү боюнча рейтинг системасын колдонууда кетирген кемчилдиги үчүн | N*5 |
| 9.1.6 | Кызматкерлердин жумушка кечигүүсү | N*5 |
| 9.1.7 | Окутуучулардын жекече иш пландарын өз убагында толтурбагандыгы жана аткарбагандыгы үчүн | 50 |
| 9.1.8 | Univer+ МС материалдарды өз убагында жүктөбөгөндүгү үчүн | 20 |
| 9.1.9 | Жетекчилик тарабынан берилген көрсөтмөлөрдү өз убагында аткарбай койгондугу үчүн | 20 |
| 9.1.10 | Техникалык коопсуздук (ТК) эрежелери сакталбаса | 20 |
| 9.1.11 | Карамагындагы жабдуулардын жумушчу абалда болбошу | 10 |
| 9.1.12 | Эмгек тартибинин сакталбашы | 10 |
| 9.1.13 | Өзүнө тиешелүү иш кагаздарынын начар абалда болушу | 10 |

### 9.2.Эмгек акыга кошумча берилген каражатты (КБК) жана материалдык кызыктыруулардын (МК) өлчөмүн азайтуунун ченемдери

| № | Кетирилген кемчилдиктер | 1-жолу | 2-жолу | Бир канча жолу кайталанса |
|---|---|---|---|---|
| 9.2.1 | Жумушка жүйөлүү себепсиз кечигүү* | эскертүү | КБК жана МКты 5 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана МКты 10 % кыскартуу |
| 9.2.2 | Берилген тапшырманы сапатсыз аткарса же өз убагында аткарбаса | эскертүү | КБК жана МКты 5 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана МКты 10 % кыскартуу |
| 9.2.3 | Иш планы жок болсо | эскертүү | КБК жана МКты 5 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана МКты 10 % кыскартуу |
| 9.2.4 | Жүйөлүү себепсиз сабакты үзгүлтүккө учуратса* | эскертүү | КБК жана МКты 25 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана МКты 40 % кыскартуу |
| 9.2.5 | Жумуш убактысында кызматкерлердин иш ордунда жоктугу | эскертүү | КБК жана МКты 5 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | МКты 10 % кыскартуу |
| 9.2.6 | Univer$^{+}$ МС материалдарды өз убагында жүктөбөгөндүгү үчүн | эскертүү | КБК жана МКты 100 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана МКты 20 % кыскартуу |
| 9.2.7 | Тайпалык журналды өз убагында толтурбаса | эскертүү | КБК жана МКты 5 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана МКты 10 % кыскартуу |
| 9.2.8 | Эмгек тартибин бузса | эскертүү | КБК жана МКты 5 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана МКты 10 % кыскартуу |
| 9.2.9 | Техникалык коопсуздук (ТК) эрежелери сакталбаса | эскертүү | КБК жана МКты 5 % кыскартуу | Ар бир кемчилдиги үчүн КБК жана МКты 10 % кыскартуу |

* -Жүйөлүү себеп, аны тастыктаган документтердин негизинде гана аныкталат.

9.3.Жол берилген эреже бузуу фактысы текшерүүчү акт менен укук бузуучудан түшүндүрмө алуу менен белгиленет жана КРнын Эмгек кодексине ылайык тартиптик жазаны аныктаган ректордун буйругу менен ишке ашырылат.

9.4.Кадрлар бөлүмү тарабынан ар бир айдын аягында Жободо каралган тартип бузуулар үчүн тартиптик жаза колдонулган буйруктардын көчүрмөлөрү аттестациялык комиссиянын катчысына берилет.

9.5.Конкреттүү кызматкерлерге кошумча эмгек акы төлөөнү жана эмгегине материалдык кызыктыруунун суммасын жөнгө салуу маселелери аттестациялык комиссиянын отурумдарында ай сайын чечилет жана ректорго чечим кабыл алуу боюнча сунуш берилет.

## 10.Кызыктыруучу жана башка упайлар

Аттестациялык комиссия, комиссиянын төрагасынын макулдугу менен кызматкерлердин жогорудагы критерийлерде каралбаган инсандык санаттарын, мисалы, педагогикалык этикасын, адептүүлүгүн, тартиптүүлүгүн, тапшырылган иш үчүн жоопкерчилигин, ОшТУдагы иш стажын, илимий-педагогикалык стажын, ар кандай сыйлыктарын ж.б. кароо менен алынган упайлардын жалпы санына 120 упайга чейин кошууга укуктуу.

## 11. Аттестациянын жыйынтыгын чыгаруу

11.1.Кызматкерлердин активдүүлүгүнүн деңгээли учурдагы окуу жылындагы иштин ар кандай түрлөрү боюнча упайдын жалпы саны жана жаңы окуу жылына даярдыгы менен аныкталып кошумча эмгек акы берүүнүн өлчөмдөрүн белгилөө үчүн негиз болот.

11.2.Жаңыдан жумушка кирген кызматкерлерге 10% (колледжге жумушка кирген магистр, адистер үчүн-5%) пайыз өлчөмүндө кошумча эмгек акы берилет.

Эгерде кызматкер ОшТУда 6 айдан кем эмес иштеп жана түзүмдүк бөлүмдүн түздөн-түз жетекчисинен анын иши жөнүндө эч кандай сын-пикирлер болбосо,

анда тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин сунушу боюнча аттестациялык комиссия тарабынан ага окуу жылдын аягына чейин б.а. аттестациядан өткөнгө чейин белгиленген максималдуу үстөктүн 50 % чейин кошумча эмгек акы белгилениши мүмкүн.

Чакырылган кызматкерлерге тиешелүү бөлүмдөрдүн жетекчилеринин сунушу менен ОшТУнун ректору кошумча эмгек акы кошуп берүү чечимин кабыл алат.

11.3.Аттестациялык комиссия кызматкерлерге кафедралар (структуралык бөлүмдөр) тарабынан берилген өзүн-өзү баалоо отчеттун материалдарын, univer+ МСдагы аттестация бөлүмүндөгү, кызматкерлердин аттестациясы (аттестация сотрудников) пунктарынан алынган упайдын негизинде жалпы рейтингдик упай нупкутундагы упайлар менен салыштырын жалпы упайы канча бөлгондугу жана 11.5-пункуттагы таблицалардын негизинде канча пайыз кошумча эмгек акы төлөнөрү тууралуу чичим кабыл алат.

Эгерде аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү тарабынан univer+ МСдагы бааланган критерийлерге кызматкерлер жалган материалдарды киргизин упай алган фактысын аныктаса, анда ошол кызматкерге кошумча эмгек акы төлөбөө чечимин кабыл алат. Ал эми ошол структуралык бөлүмдүн жетекчисине эскертүү, кийин да кайталанса сөгүш ж.б. берилет.

11.4. Кызматткерлердин аттестациялык критерийлерге кирбей калган иштери бөлсо, ошол эмгектерин эске алын берүү өтүнүчү менен ректөрго кайрылса болөт. Ректор кайрылууну жүйөлүү ден танса, ал маселени комиссиянын карөосупа жөнөтөт. Аттестациялык комиссия өз чогулушунда тиешелүү чечим кабыл алат.

11.5. Аттестациялоонун натыйжалары боюнча жогорку көрсөткүчтөрү үчүн кызматкерлерге төмөнкүдөн ашпаган найызда кошумча эмгек акы төлөнөт:

а.ОшТУ:

| упай | %, пайыз | упай | %, пайыз | упай | %, пайыз | упай | %, пайыз | упай | %, пайыз |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 350-380 | 15 | 443-473 | 30 | 536-566 | 45 | 629-659 | 60 | 722-752 | 75 |
| 381-411 | 20 | 474-504 | 35 | 567-597 | 50 | 660-690 | 65 | 753төн жог. | 80 |
| 412-442 | 25 | 505-535 | 40 | 598-628 | 55 | 691-721 | 70 | | |

б.ГТК

| Магистр, адистер үчүн | | | Бакалаврлар үчүн | | |
|---|---|---|---|---|---|
| № | упай | %, пайыз | № | упай | %, пайыз |
| 1 | 350-400 | 5 | 1 | 350-400 | 5 |
| 2 | 401-451 | 7 | 2 | 401-451 | 10 |
| 3 | 452-502 | 9 | 3 | 452-502 | 15 |
| 4 | 503-553 | 11 | 4 | 503-553 | 18 |
| 5 | 554-604 | 13 | 5 | 554-604 | 20 |
| 6 | 605тен жогору | 15 | 6 | 605тен жогору | 25 |

в) АБП

| № | упай | %, пайыз | № | упай | %, пайыз |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 144-164 | 50 | 5 | 228-248 | 110 |
| 2 | 165-185 | 70 | 6 | 249-269 | 120 |
| 3 | 186-206 | 90 | 7 | 270-290 | 140 |
| 4 | 207-227 | 100 | 8 | 300-жогору | 150 |

г) ОКК:

-ОшТУ

| № | упай | %, пайыз | № | упай | %, пайыз |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 42-52 | 5 | 4 | 73-83 | 30 |
| 2 | 53-63 | 10 | 5 | 84-94 | 40 |
| 3 | 64-72 | 20 | 6 | 95-жогору | 50 |

-ГТК

| № | упай | %, пайыз | № | упай | %, пайыз |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 42-52 | 5 | 4 | 73-83 | 25 |
| 2 | 53-63 | 10 | 5 | 84-94 | 30 |
| 3 | 64-72 | 20 | 6 | 95-жогору | 35 |

д) КТП

| № | упай | %, пайыз | № | упай | %, пайыз |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 47-67 | 30 | 3 | 79-99 | 50 |
| 2 | 68-78 | 40 | 4 | 100-жогору | 60 |

11.6.Университеттин атайын эсебиндеги каражаттын кеминде 72%нан жогору эмгек акы фондуна жумшалат.

11.7. Аттестациялык комиссиянын кызматкерлерге кошумча эмгек акы төлөө жөнүндө чечими анын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышканда көпчүлүк добуш менен ачык добуш берүү аркылуу кабыл алынат. Добуштар бирдей болгон учурда аттестацияланууучунун пайдасына чечим кабыл алынат.

11.8.Аттестациянын натыйжалары (баалар, сунуштар) комиссиянын жыйынынын аттестациялык протоколуна киргизилет, ага аттестациялык комиссиянын төрагасы , катчысы жана добуш берүүгө катышкан мүчөлөрү кол коюп бекитишет.

11.9.ОшТУнун ректору аттестациялык комиссиянын сунуштарынын негизинде кызматкерлердин негизги эмгек акысына кошумча каражат төлөө боюнча чечим кабыл алат.

11.10.Кызматкерлер өзүнө алган милдеттенмелерди аткарбаган жана ОшТУнун уставын бузган учурда ректор эмгек акысына кошумча каражат төлөөнү мөөнөтүнөн мурда токтотууга укуктуу.

## 12.Кызматкерлердин кээ бир категорияларына кошумча эмгек акы төлөөнүн өзгөчө шарттары жана тартиби

12.1.Кошумча эмгек акы төлөөнүн өзгөчө шарттары жана тартиби төмөндөгү иштерди аткарууга түрткү болуу максатында киргизилет:

- окутуунун контракттык формасына кабыл алууну көбөйтүү;
- жаңы адистиктерди ачуу жана, аны кадрдык камсыздоо;
- окутуунун жаңы формаларын киргизүү;
-окуу, илимий, уюштуруу иштерин жана ОшТУнун материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүдө кызматкерлердин демилгелерин жогорулатуу.

12.2.Жаңы ачылган багыттар жана кээ бир дисциплиналарды окуу процесси менен камсыз кылуу максатында ОшТУга чакырылган жогорку квалификациялуу адистер менен аткарылган окуу жүктөрүнүн көлөмүнө жараша жекече келишимдер түзүлөт.

12.3.Аттестациялык комиссия кызматкерлердин айрым категорияларына кошумча эмгек акынын өлчөмүн белгилөөдө Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган оор жана зыяндуу эмгек шарттарын эске алууга тийиш.

12.4.Атайын каражаттардын эсебинен кошумча эмгек акыны белгилөө үчүн Ош технологиялык университетинин кызматкерлерин аттестациялоо жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана түзөтүүлөрдү киргизүү ОшТУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан жүргүзүлөт.

1-тиркеме

1-форма

ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК ЖАМААТТЫН АТТЕСТАЦИЯЛЫК БАРАКЧАСЫ

ФОТО

Аты-жөнү ______________________________________________

Институту ______________________________________________

Кафедрасы ______________________________________________

Кызматы, дайындалган же шайланган күнү________________________________

Туулган жылы_____________билими, _____________эмнени, качан аяктаган,___________

Илимий даражасы_____________ илимий наамы ___________________________________ Жалпы стажы_________________ ОшТУдагы стажы ______________________________.

Илимий педагогикалык стажы__________

Отчеттук жылдагы сыйлыгы:______________________________________________________

***20___-20_____ - окуу жылында аткарган окуу жүктөмү***

1. Күзгү семестр (жалпы) [ ]
2. Жазгы семестр (жалпы) [ ]
3. Жалпы окуу жылында [ ]

***20_____-20_____- окуу жылындагы аттестациянын жыйынтыгы***

***Критерийлер боюнча***

4.1. Лек., практ., семинардык жана лаборат. сабактардын сапаты-________ упай
4.2. ПОЖ окуу-усулдук иши - _______ упай
5.1. Илимий-уюштуруу иштери - _______ упай
5.2. Илимий-изилдөө иштерин аткаруу- _______ упай
5.3. Илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктарын жарыялоо- _______ упай
6. Тарбиялык жана коомдук-уюштуруу иштери - _______ упай
7.Эл аралык ишмердүүлүк- _______ упай
9.1. Кетирилген кемчилдиктери үчүн упайларды кыскартуу- _______ упай

***Аттестациянын жыйынтыгында алган упайы*** _______
***Кошумча эмгек акы төлөө өлчөмү*** ________%

Институттун директору _________________ (колу)

Кафедра башчысы___________________ (колу)

комиссиянын чечими:___________________________________________________________

---

Аттестациянын жыйынтыгы баракча менен тааныштым:___________________________
(аттестацияланууучунун колу, дата)

2-форма

## ***Административдик-башкаруу персоналынын***

АТТЕСТАЦИЯЛЫК БАРАКЧАСЫ

Аты жөнү ____________________________________________________________

Структуралык курам______________________________
Бөлүм ____________________________________________________
Кызматы, дайындалган күнү,_________________________________________
Туулган жылы____________билими _________________________________
Кайсы окуу жайды, качан аяктаган _____________________________________________
Илимий даражасы жана наамы _________________________________________________
Жалпы стажы___________________________________________________________
Илимий педагогикалык стажы__________, ОшТУдагы стажы_____________________
Отчеттук жылдагы сыйлыгы:__________________________________________________

***20_____-20_____- окуу жылындагы аттестацианын жыйынтыгы***

***Критерийлер боюнча***
8.1.1. Окуу процессин камсыз кылууда активдүүлүк даражасы жана жеке салымы-_____
8.1.2. Иш аткаруу жөндөмдүүлүгү - _____
8.1.3. Тартиптүүлүгү - _____
8.1.4. Жабдуулардын жана жумуш ордун абалы - _____
8.1.5. Эмгекке берилгендиги - _____
8.1.6. ОшТУдагы эмгек стажы - _____
8.1.7. Жогорку кесиптик жана квалификациялык чеберчилиги үчүн - _____
9.1. Кетирилген кемчилдиктери үчүн упайларды кыскартуу - ______

***Аттестацианын жыйынтыгында алган жалпы упайы*** _______
***Кошумча эмгек акы төлөө өлчөмү***________%

бөлүм жетекчиси ________________________
(колу)

Проректор____________________________
(колу)

комиссиянын чечими:________________________________________________________

---

Аттестациянын жыйынтыгы баракча менен тааныштым:___________________________
(аттестацияланууучунун колу, дата)

3-форма

## *ОшТУнун окуу-көмөкчү кызматкерлеринин*

АТТЕСТАЦИЯЛЫК БАРАКЧАСЫ

Аты жөнү _______________________________________________________________

Институту ________________________________________
Кафедрасы ______________________________________________
Кызматы, дайындалган күнү,_______________________________________
Туулган жылы____________билими __________________________________
Кайсы окуу жайды, качан аяктаган _______________________________________________
Илимий даражасы жана наамы _____________________________________________________
Жалпы стажы______________________________________________________________________
Илимий педагогикалык стажы__________, ОшТУдагы стажы______________________
Отчеттук жылдагы сыйлыгы:___________________________________________________

***20_____-20_____- окуу жылындагы аттестациянын жыйынтыгы***

***Критерийлер боюнча***
8.2.1. Билими - ______
8.2.2. Иш аткаруу жөндөмдүүлүгү- ______
8.2.3. Тартиптүүлүгү - ______
8.2.4. Жабдуулардын жана жумуш ордун абалы - ______
8.2.5. Эмгекке берилгендиги - ______
8.2.6. ОшТУдагы эмгек стажы - ______
8.2.7. Окуу процессин камсыз кылуудагы активдүүлүк даражасы жана жеке салымы- ____
9.1. Кетирилген кемчиликтери үчүн унайларды кыскартуу - ______

***Аттестациянын жыйынтыгында алган жалпы упайы*** _______
***Кошумча эмгек акы төлөө өлчөмү***________%

Институттун директору (бөлүм жетекчиси) _________________________
(колу)
Кафедра башчысы______________________________
(колу)
комиссиянын чечими:________________________________________________________

---

Аттестациянын жыйынтыгы баракча менен тааныштым:____________________________
(аттестацияланууучунун колу, дата)

4-форма

## ***ОшТУнун кенже тейлөөчү персоналынын(КТП)***

АТТЕСТАЦИЯЛЫК БАРАКЧАСЫ

Аты жөнү ______________________________________________________________

Структуралык курам _______________________________________
Бөлүм _________________________________________________________
Кызматы, дайындалган күнү,__________________________________________
Туулган жылы_____________билими ___________________________________
Кайсы окуу жайды, качан аяктаган _________________________________________________
Илимий даражасы жана наамы ____________________________________________________
Жалпы стажы________________________________________________________________
Илимий педагогикалык стажы__________, ОшТУдагы стажы_______________________
Отчеттук жылдагы сыйлыгы:_____________________________________________________

***20_____-20_____- окуу жылындагы аттестациянын жыйынтыгы***

***Критерийлер боюнча***
8.3.1. Активдүүлүк даражасы - ______
8.3.2. Иш аткаруу жөндөмдүүлүгү- ______
8.3.3. Тартиптүүлүгү - ______
8.3.4. Жабдуулардын жана жумуш ордун абалы - ______
8.3.5. Эмгекке берилгендиги - ______
8.3.6. ОшТУдагы эмгек стажы - ______
8.3.7. Жогорку кесиптик жана квалификациялык чеберчилиги үчүн - ______
9.1. Кетирилген кемчилдиктери үчүн унайларды кыскартуу - ______

***Аттестацианын жыйынтыгында алган жалпы упайы*** _______
***Кошумча эмгек акы төлөө өлчөмү***________%

Комендант __________________________
(колу)
Бөлүм жетекчиси ______________________________
(колу)
комиссиянын чечими:______________________________________________________________

---

Аттестациянын жыйынтыгы барakча менен тааныштым:_____________________________
(аттестацияланууучунун колу, дата)

2-тиркеме

5-форма

## 20___-20___-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча кызматкерлерди аттестациялоонун жыйынтык ведомосту

| № | Ф.А.А. | Ээлеген кызматы | Аттестациялык коммисиянын корутундусу | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Топтогон упайы | %, пайыз менен |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| ... | | | | |

Комиссиянын төрагасы:___________________
Комиссиянын катчысы: _________________
Комиссиянын мүчөлөрү:_________________
____________________
____________________
_____________________